***Алимбеков А.,***
***Кыргыз-Түрк "Манас"университети,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

***Асанова А.,***
***Кыргыз-Түрк "Манас" университети,***
***педагогика кафедрасынын магистри,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# КЫРГЫЗ ЖОМОКТОРУ УЛУТТУК РУХАНИЙ–АДЕПТИК БААЛУУЛУКТАРДЫ ИЗИЛДЕП ҮЙРӨНҮҮНҮН БУЛАГЫ КАТАРЫ

***Алимбеков А.,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызско-Турецкий Университет "Манас"***

***Асанова А.,***
***Магистр кафедры педагогики,***
***Кыргызско-Турецкий Университет "Манас",***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# КЫРГЫЗСКИЕ СКАЗКИ КАК ИСТОЧНИК ИЗУЧЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ДУХОВНО-ЭТИЧЕСКИХ ЦЕННОСТЕЙ

***Alimbekov A.,***
***Doctor of pedagogy, Professor,***
***Kyrgyz Turkish University "Manas"***

***Asanova A.,***
***Kyrgyz Turkish University "Manas",***
***Master of the Department of Pedagogy,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# KYRGYZ FAIRY TALES AS A SOURCE OF STUDYING NATIONAL SPIRITUAL AND ETHICAL VALUES

***Аннотация:*** *Жомокторду элдик педагогикалык маданияттын жандуу эстелиги катары караган түрдүү илимий көз караштар жана кыргыз жомокторундагы балдарды жоомарттыкка, адилеттүүлүк, чынчылдык, адилдик, калыстыкка, меймандостукка, ар намыстуулукка, адал эмгек менен жашоого тарбиялоого байланыштуу баалуулуктар контент – анализ методу аркылуу учкай талдоого алынган.*

***Аннотация:*** *Посредством контент анализа изучены различные научные взгляды, которые рассматривают сказки как живой памятник народной педагогической культуры и ценности в кыргызских народных сказках связанные с воспитанием у детей щедрости, справедливости, честности, гостеприимству, честности, честному труду.*

***Annotation:*** *Using the method of content analysis, various scientific views have been studied, which consider fairy tales as a living monument of folk pedagogical culture and values in Kyrgyz folk tales associated with the upbringing of generosity, justice, honesty, fairness, hospitality, honesty, honest work in children.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *улуттук баалуулуктар, элдик тарбия, жомок, тарбия, адеп-*

*ахлак, адептик идеалдар, традиция, тарбия практикасы, анализ.*

***Ключевые слова:*** *национальные ценности, народное воспитание, сказки, нравственность, нравственные идеалы, традиция, воспитательная практика, анализ.*

***Key words:*** *national values, national education, fairy tales, morality, moral ideals, tradition, educational practice, analysis.*

**Киришүү.** Ар бир жаңы доор адамзат алдына көп кырдуу татаал маселелерди жаратат. Азыркы кыргыз коомунун шартында ошондой татаал маселелердин бири катары жаш муундарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоо милдеттери ортого чыкты. Бул ишти жүзөгө ашыруунун кечиктирилгис милдеттери Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгында өзгөчө белгиленген [1].

Адамзаттын руханий-маданий жактан өнүгүүсүндө ар дайым уламалуулук мыйзамын жетекчиликке алат б.а. бүткүл тарыхый өнүгүштүн натыйжасында калыптанган баалуулуктарды өздөштүрүп, турмуштун жаңы муктаждыктарына ылайык колдонууга умтулат. Буга байланыштуу академик Г.Н. Волковдун *«Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт»* деген методологиялык көрсөтмөсү бүгүнкү кыргыз коомунун практикасы үчүн өтө маанилүү [4, 5].

Жаш муундарды адеп-ахлакка тарбиялоонун тарых сыноосунан өткөн көөнөрбөс булактарынын бири – элдик жомоктор.

К.Д. Ушинский, В.А. Сухомлинский сыяктуу улуу классик педагогдор жомоктор дүйнөсүн педагогдук парасат менен кабылдап гана тим болбостон, балдар үчүн жомок жаратууну педагогикалык чыгармачылыктын өзгөчө компоненти катары карашкан. К.Д.Ушинский жомоктордун таалим-тарбия жаатындагы аткарган жүгүн талдап келип "Жомоктор элдик педагогиканын эң алгачкы саамалыктары. Мындай алганда элдин педагогикалык генийлиги менен эч ким теңдеше албайт" – деп жазган [10, 231]. В.А. Сухомлинский жетектеген Павлыш орто мектебинин педагогдору элдик жомокторсуз тарбия иши эч качан максатына жетпейт деп эсептешип аны пайдалануунун түрдүү формаларын иштеп чыгышкан.

Заманыбыздын залкар ойчул гуманист жазуучусу Ч. Айтматов жомоктордун таалим-тарбиялык маани-маңызы тууралуу ой жүгүртүп келип "Адам баласы өзүнүн рухий дүйнөсүн тышкы табиятты таанып билүү аркылуу калыптандырган жана өзүн ошол табияттын бир бөлүгү катары аңдаган. Мени мүйүздүү Бугу эне жөнүндөгү байыркы притчада коюлган проблемалар өз имандык маани-маңызын биздин күндөр үчүн да жогото электиги таң калтырды" – деп жазган [2,201]. Педагогика илимдеринин кандидаттары Т.Дмитриев менен В.Ильченко минтип жазышат: "Жомок деген чындык эмес, бирок анда ишаарат бар акыл болор". Дайыма жакшылыкка, адамгерчиликке жол көрсөткөн жомоктор баарыбыздын эсибизде. Ханзаада Иван куткарган аары, жылан, карга ж.б. жапайы жан-жаныбарлар кийин анын өзүнө жардамга келет эмеспи. Жомок балага жер бетиндеги кооздук, сулуулук, байлыктын баарын барктай бил деп акыл үйрөтөт. Быша элек алманы үзбө, гүлдү соолутпа, кумурсканы тебелебе деп жөн эле насаат түрүндө айтпай, өтө таасирдүү, жугумдуу, ынанымдуу кулак кагыш, кыйытуу менен туюнтат. Эл – жүз миллион жүрөк, жүз миллион акыл. Ал баланын таш боор иш-аракетинин натыйжасы жеке өзүнүн да, ошол эле учурда бүтүндөй улуттун да трагедиясына себепчи болорун даана аңдап билет [5].

Жомоктор таалим-тарбия каражаты катары кыргыз окумуштуулары тарабынан да талдоого алынган. Алардын катарына фольклор таануу багытындагы К.Мифтаков, М.Богданова, К.Рахматуллин, З.Бектенов, Т.Байжиев, С.Мусаев, Ж.Таштемиров С.Т.Кайыпов, Г.Жамгырчиева, М.Түлөкабылов, М.Сулайманов, А.Муратовдордун эмгектерин өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Ал эми кыргыз этнопедагогикасы илим тармагынын көптөгөн өкүлдөрүнүн (А.Э.Измайлов, Б.Апышев, Т.Ормонов,

Н.Имаева, А.Алимбеков, С. Рысбаев, И. Даминова, Ж. Шербаева, Т.Н. Каранова ж.б.лар) эмгектеринде жомоктордун тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү тууралуу бай маалыматтар камтылган. Ал эми бул маселе тууралуу атайын педагогикалык изилдөө катары К.Кыдыралиевдин диссертациялык эмгегин көрсөтүүгө болот.

Бирок, азыркы кыргыз педагогикасынын корунда элдик жомоктордун мазмунундагы адепке тарбиялоонун мазмунун, методдорун жана ыкмаларын ачып көрсөтүү маселеси «ак так» боюнча кала берүүдө.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз жомокторун улуттук руханий-адептик баалуулуктарды изилдеп үйрөнүүнүн жана таалим-тарбиянын булагы катары сыпаттоо, алардын адептик идеяларынын мазмундук-тематикалык багыттарын айкындоо жана анализдөө.

**Изилдөөнүн методу:** Кыргыз жомокторун улуттук руханий-адептик баалуулуктарды изилдеп үйрөнүүнүн башкы каражаты катары пайдаланууда, анда катылган адеп-ахлакттык идеяларды аныктоо жана талдоо максатында контент-анализ методу пайдаланылды.

**Негизги мазмун.** Кыргыз дүйнө таанымында жана тарбия практикасында жомоктор ар качан балдарды улуу муундардын адеп салтына тарбиялоонун эң таасирдүү каражаты катары кабылданган. Муну "Жолуңдан адашып баратсаң жомокко кайрыл" деген элдик накыл кеп таамай туюунтуп турат. С. Кайыпов ырастагандай "Чыркыраган чындыктын суу кошпогон нукурасы, анык жана асылы, анча-мынча кул пендеге көрүнбөгөн сыйкырдуусу, сырдуусу мына ушул кара кыргыз кылымдап жазбай-чийбей оозеки айтып келген жөпжөнөкөй жомоктордо сакталган" [7, 19].

Адеп – адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири бири менен, коом менен мамилелеринин жана жүрүш-туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы. Жомоктордо адептүүлүк адамдардын жеке мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым-катнашына, жакшылык-жамандык, абийрдүүлүк-уятсыздык, айкөлдүк-караниеттик деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берилет. Ошондуктан кыргыз жомокторунун мазмуну эмгекчилдик, өнөргө умтулуу, эл журт, ата мекен үчүн ак кызмат кылуу, башка адамдар башка улуттагы элдердин өкүлдөрү менен ызаат-сый, ынтымак-ырашкерликте жашоо сыяктуу элдин менталдык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш, адептик канондорго негизделген.

Жомоктордо сараңдык айыпталып, берешендик, боорукерлик, жоомарттык, адилеттүүлүк даңазаланат. *"Жоомарттык"* жомогунда бул маселе хан менен вазирлердин ортосунда "жоомарттык мал менен болобу же баш менен болобу" деген суроо аркылуу талкууланат. Вазирлер "жоомарттык мал менен болот да, малы жок кантип жоомарттык болот" деген пикирди кармаышат. Сыноо үчүн өткөрүлгөн эпизоддо думананын кейпинде тойго келген падышаны сарайы толо малы бар вазирлер үйгө киргизбестен, садага берип узатышат. Ал эми жесир кемпир менен жетим бала жыйырма бөйрөк гана жейм деген думанага болгон койлорунун баарын союп берип, жоомарттыгын көрсөтүшөт. Жомок баланын жоомарттыгына, адилеттүүлүгүнө, меймандостугуна ыраазы болгон падышанын жетим баланы вазир кылып алышы менен аяктайт. Муну көөнө заманда эле байлык бийликке караганда, адамгерчилик жорук жогору турат деген коомдук ой пикирдин таасын көрүнүшү катары кароого болот.

Кыргыз эл педагогикасында жеке пенденин жашоо турмушта башкалар тарабынан адамдын адам катары саналышы анын *ар намысын коргоп, сактай билишинен* көз каранды деп эсептелген. Бул баалуулук *"Убадага бек жигит"* аттуу жомогунда ачыкталат. Жомокто ата-энесинен эрте ажырап көрүнгөн байдын жумушун жасап күн көргөн үч бир тууганга ак сакалдуу карыя өзүн убадамын деп тааныштырып, алардын кыялдарын орундатууга сөз берээрин, бирок айткан сөздөрүнө, берген убадаларына турушса жана "Эгер көп малы болуп бай болушса улуу кишинин көңүлүн иренжитпестен өмүр сүрөөрүн, ортончусу өзүнө окшогон кедей-кембагалдарга жардам берээрин, кичүүсү өзүнө жетиштүү мал жандык, үй жана жары болсо ыраазы экендигин" укканда карыя алардын тилекте-

рин орундатууну туура көрөт. Жомокто балдарга кыялдарына шайкеш “Убада”, “Бакыт”, “Пейил” деген ысымдар берилет. Бирок, улуу жана ортончу бир туугандар берген убадаларын бат эле унутушат. Кичүүсү гана убадасына туруп, карапайым өмүр сүрүп, адамдарды ылгабай баарына сый ызаат көрсөтө алат. Ошентип жомок “Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт” демекчи берген убадасына турган, айтканынан кайтпаган, кайраттуу, ар намыстуу, уяттуу жигиттер гана, өзүн эмес өзгөнү да ойлоно жүргөндөр ар дайым бактылуу жана жүзү жарык болору тууралуу сабак берет. Ал эми *“Жээренче чечен менен Акыл Карачач*” аттуу жомоктогу Акыл Карачач кылымдан кылымга калыстыктын коңгуроосун каккан чынчыл, адилеттүү, баарына тең караган кыз балдардын образы катары элдин тарбия практикасынан бекем орун алган. Ошондой эле кыргыз эл жомокторунун арасындагы жыш орун алган “Жээренче чечендин Кара канга элчиге барганы”, “Жээренче чечен менен Алдар Көсө”, “Жээренче чечендин аялын угузуу” сыяктуу жомоктордо да Жээренче чечендин образы аркылуу кара кылды как жарган калыстыктын үлгүлөрү идеалдаштырылат.

“Сыйкырчы жана бала”, “Чыныбек”, “Кулдун уулу жана Зымырык куш”, сыяктуу жомоктордо кыйынчылыкка учураган башкы каармандар, канаттуу ат, Алпкаракуш, учуучу килем, карышкыр, аюу, жолборс, төгөрөктүн төрт бурчун көрсөтүүчү сыйкырдуу күзгү, аары, жылан, бака, түлкү ж.б. менен достошуп ымалада жашоо менен максатына жетишет. Булар аркылуу адамдын бактысы айлана-чөйрөдөгү адамдар менен гана эмес, бүткүл жандуу нерселер менен жакшы мамилеси аркылуу аныкталаары тастыкталат. Ал эми “Кашкулак менен үпүптүн достугу”, “Кыргый менен үкү”, “Айбандардын достугу”, “Достук”, “Алтын балык” аттуу жомоктордо достук, ынтымак, өз ара камкордук, карамдуулук сыяктуу адептик түшүнүктөр ачыкталат.

Кыргыз эл педагогикасында жеке адам жана үй-бүлөнүн адеп-ахлагы меймандостугу менен өлчөнгөн. Сырттан байкоочулар кыргыз улутунун тигил же бул өкүлүнүн жүрүм-турумундагы нагыз улуттук дөөлөттөрдүн трансформациясын же деформациясын ушул салттын эрежелерин канчалык даражада тутунганы менен айкындашкан. Бул салттык баалуулук “Алкыш” аттуу кыргыз эл жомогу аркылуу да тастыкталат. Жомоктун сюжети боюнча дүнүйөкор ач көз бир адам, жубайы менен, элдер бул жыйнаган ырыскымды ичип жеп кетет деп арам ойлоп, калктан бөлүнүп, көчүп барып, жалгыз башына күн сайын малынын туягын санап, тамакты ченеп жасап ичип, күн көрүшүп, кантип карыгандарын байкабай калышат. Күндөрдүн бир күнүндө алардын үйүнө кайдан жайдан жолоочу алыс жолго аттанганын, бул түнү алардыкына түнөөнү суранат. Жаман ойлорунда кемпир чал ууру деп ойлошот. Бул аркылуу алардын меймандостук салтынан чыгуу менен бирге адамгерчиликтен да ажырап калышкандыктары туюнтулат. Ал эми кыргыздардын элдик адептик нормалары “Үйгө канча бут кирсе, ошончо кут кирет”, “Ар бир конок өз ырыскысы менен келет” деген жоболорго негизделген.

Азыркы муундар үчүн акыл менен билимдин адам турмушундагы ордун ар тараптуу түшүнүүгө, алардын билимге болгон дитин, кунтун ойготууга дүрмөт болуучу осуяттарды “Хан жана тилемчи”, “Айлакер бала”, “Алымкул түш жоругуч”, “Акылдуу дыйкан”, “Амалдуу кедей” аттуу жомоктордон көрүүгө болот. Кыргыз жомокторунда балдарды акылмандуулукка тарбиялоо доминанттык мүнөзгө ээ тема экендигин академик А.Э. Измайлов өзгөчө белгилеген [6,125]. Окумуштуунун бул пикирине кошулуу менен өз тарабыбыздан жомоктордо акылдуулук баарыдан мурда адептик категория, б.а. адамдын адеп маданияты, анын акыл, билиминин туундусу катары каралаарын белгилейбиз. Кыргыз фольклорундагы “Кырк ууру жана Алымкул”, “Үч бир тууган”, “Жеке таз менен жети таз”, “Айлакер бала” сыяктуу жомоктор “Акылдуу бала – элпек, акылсыз бала – тентек”, “Акылы жок бала жүгөнү жок атка окшош”, “Акындын көркү – акыл”, “Билимдүү киши айнектей, билимсиз киши тумандай”, “Жердин көркү – эгин, элдин көркү –

билим" деген педагогикалык аксиомалардын иллюстрациясы катары туюлат.

Элдик педагогикада инсандын адеп-ахлагы эмгекке мамилеси менен аныкталат. Г.Н.Волков кыргыздардын эмгекке тарбиялоо тажрыйбасы тууралуу сөз кылуу менен "Ким күчтүү" элдик жомогун мисал келтирет [4, 107].

Жомокто "Кыргоол музга дүйнөдө баарынан күчтүү сен окшойсуң, заматта куйругумду куп кармапсың десе, муз андан да жамгыр күчтүү экендигин айтса, жамгыр жер десе, жер токой, токой өрт, өрт шамал, шамал көк чөп, көк чөп кой, кой көк бөрү күчтүү десе, көк бөрү ошондо баарына карап, баарынан адам күчтүү" дейт. Адам – мергенчи (жомоктун башында канаттууларды кармап, аягында карышкырларга аңчылык кылат), дыйкан, чөп чапкыч, мал багуучу, касапчы, тигүүчү болобу ... Ал өрттү да өчүрөт – бул да оңой иш эмес. Эмгектин аркасында адам ааламдын башкаруучусу болуп калат, дал ушул эмгектин аркасында ал жаратылыштын сыйкырдуу күчтөрүн багындырып, өзүнө баш ийдирип, дүйнөдөгү баардык айбандарга караганда күчтүү жана акылдуу болуп, жаратылышты өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Г.Н.Волков белгилегендей "Ким күчтүү" аттуу кыргыз жомогунун түрдүү варианттары башка улуттарда да учурайт. Алсак, чуваш, орус, татар, украин жомокторунда иштеген адамды гана "адам" деп атоого болот деген ой ачык айтылган. Адам эмгекте жана күрөштө өзүнүн мыкты сапаттарына ээ болот. Талыкпаган эмгек адамдын негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири. Эмгек болбосо, адамдын инсандык сапаты да жок болот [4, 107].

**Тыянак.** С.Рыспаев "..жомок өзүнүн жаралган күнүнөн тарта, адамдардын эрмеги да, тарыхы да, уламышы да, мектеби да, китеби да болуу менен, муундан-муунга өтүп, жаңы муунга дүйнө таанытып, тарбиялап жана өнүктүрүп келгени ырас. Ал жомоктордо баары болгон: чындыгы да, апырмасы да, фантазиясы да болгон. Ошон үчүн "Жомок – апыртманын казынасы, ойдон чыгарылган нерсе" катары каралып, жомок бүгүн да ушул таризде, ушундай багытта изилденип келет" деген ойду толкутайт [11, 34]. Ошентип, жомоктор бардык доорлордун жана бардык элдердин илим адамдары тарабынан зор тарбиялык потенциалга ээ, талашсыз педагогикалык таберик катары таанылган. Кыргыз жомокторунда орун алган түрдүү адептик баалуулуктар улуттук тарбиянын практикасы менен тутумдаш жашап каада-салттар, үрп-адаттар аркылуу бекемделип, эчен муундардын акыл элегинен өтүп улам жаңы турмуштук жагдайларга ылайык байып, өнүгүп олтуруп, өрнөктүү жашоонун мыйзамына, таасын эрежесине айланып кеткен.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө" Жарлыгы. 2021-жыл, 29-январь. ПЖ № 1.
2. Айтматов Ч.Т. В соавторстве с землёю и водою: Очерки, статьи, беседы, интервью. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 406 с.
3. Алимбеков А. Улуттук тарбиянын урунттуу маселелери/Кут билим, 2021, 26-февраль.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред, и высш. пед.учеб. заведений. -2-е изд., испр. и доп. -.: Издательский центр «Академия», 2000. - 176 с
5. Дмитриев М., Ильченко В. Тебе не больно сынок? // Учительская газета, 1980.
6. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана. – М.: Педагогика, 1991. – 252 с.
7. Кайыпов С. Жок жерден жомок жаралбайт (же кыргыз демократиясынын улуттук уңгусу, азыркы абалы жөнүндө сөз): Илимий-популярдуу ой толгоо. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 184 б.
8. Кыдыралиев К.К. Проблемы воспитания в киргизских народных сказках: Автореф. ... канд. пед. наук: 13.00.01. – Ф., 1979. – 26 с
9. Кыргыз эл жомоктору. –Б., 2011. -118 б.

10. Ушинский К.Д. Родное слово. Собрание сочинений [Текст] / К.Д. Ушинский. – М. – Л., 1949. – Т. 2. –575 с.
11. Рысбаев С. Жомок терапиясы технологиясы жана аны практикада колдонуу ыкмалары. Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2015. –№ 1(33). – 34 б.

***Рецензиялаган:***
***Байгазиев С.О.***
***КББАнын академиги,***
***филология илимдеринин доктору, профессор***